**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ**

Кызыл-Кыя шаардык кенешинин XV сессиясы
( VIII чакырылыш)

# ТОКТОМ

2025–жылдын 09-октябры          № 15/59          Кызыл-Кыя шаары

**Кызыл-Кыя шаарынын аймагында жүрүп жаткан автобус каттамдарындагы жүргүнчүлөрдүн жол акысын 20 сомго көтөрүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесине, шаардык кеңештин Бюджет, финансы, экономика жана инвестицияны тартуу маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 04-07-августундагы №14 протоколуна негиз жана Кызыл-Кыя шаарынын мэри А.Бектуровдун 2025-жылдын 23-июлундагы №01-14/2670 катын эске алып, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Кыя шаардык кенешинин 2023-жылдын 31-октябрындагы №30/109 токтомунун 2-пункту менен бекитилген шаар аймагында автобус каттам төлөмүнүн наркы өзгөртүлүп, шаар аймагында автобус каттам төлөмүнүн наркы 20 сом, мектеп окуучуларына дем алуу күндөрүнөн тышкары 10 сом өлчөмүндө бекитилсин.
2. Бул токтом мыйзамда каралган тартипте катталсын жана Кызыл-Кыя шаардык кенешинин kyzyl-kiya.gov.kg сайтына жарыялансын.
3. Токтом жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.
4. Бул токтомдун аткарылышына көзөмөл кылуу жагы Кызыл-Кыя шаардык кенешинин Бюджет, финансы, экономика жана инвестицияны тартуу маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага**          **Ж.Аматов**